Финансы министрлигинин
2025-жылдын “8” 07
№ 120-Б
буйругуна
6-тиркеме

**Контракттын банктык коштоо өтүнмөсү**
[фирмалык бланкта таризделет]

Эскертүү: бул типтүү форма Сатып алуучу уюм/Агент тарабынан фирмалык бланкта толтурат жана ыйгарым укуктуу банк тарабынан өзгөртүлүшү (оңдолушу) мүмкүн.

Ыйгарым укуктуу банк Сатып алуучу уюмдун/Агенттин банктык коштоого өтүнмөсүндө көрсөтүлгөн банктык коштоо параметрлери төмөндө белгиленген банктык коштоо параметрлерине карама-каршы келген же ылайык келбеген же аларды колдонуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашылбаган учурларда, банктык коштоого өтүнмөнү бекитүүдөн баш тартышы мүмкүн.

Ушул Контракттын банктык коштоо өтүнмөсү 20___-ж. “___”_____ №___ Контрактты банктык коштоо жөнүндө Келишимдин (мындан ары – БК Келишими) 3.1.-пунктуна ылайык берилет:

## I Бөлүм. БК заказчысы, Аткаруучу жана Коштолуучу контракт жөнүндө маалымат

### 1. БК заказчысы жөнүндө маалыматтар

| | |
|---|---|
| *Аталышы:* | |
| *СИН:* | |
| *БК табыштамасы боюнча БК заказчысынын байланыш жагы:* | *Аты-жөнү, кызмат орду:*<br>*Телефон:*<br>*Уюлдук телефон:*<br>*Электрондук почта дареги:* |
| *БК кызматтарын көрсөтүү үчүн кошумча маалыматтар:* | |

### 2. Аткаруучу, Коштолуучу контракт жана Отчетторду алуучулар жөнүндө маалыматтар

| | |
|---|---|
| *Аталышы:* | |
| *СИН:* | |
| *Аткаруучунун байланыш жагы:* | *Аты-жөнү, кызмат орду:*<br>*Телефон:*<br>*Уюлдук телефон:*<br>*Электрондук почта дареги:* |
| *Коштолуучу контрактын аталышы жана номери, түзүлгөн күнү:* | |

| | |
|---|---|
| *Мамлекеттик сатып алуу жөнүндө маалыматтар:* | *Сатып алуу номери, ыкмасы, кошумча маалымат* |
| *Коштолуучу контракттын предмети:* | |
| *Коштолуучу контракттын жалпы баасы (КНСти, башка салыктарды эсепке алуу менен жана эсепке албаганда):* | |
| *Коштолуучу контракттын колдонулуу мөөнөтү:* | |
| *Банктык коштоонун жыйынтыктары жөнүндө отчетторду алуучулар тууралуу маалымат:* | *БК заказчысы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги* |

## II Бөлүм. Банктык коштоонун параметрлери (БК параметрлери)

### 1. Олуттуулук лимити:[1]

Олуттуулук лимити ________________________________сомду түзөт.

### 2. Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучуларынын Өзүнчө эсепти пайдалануу менен эсептешүүлөрү:

2.1. Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучуларынын тизмеси, алар менен эсептешүүлөр Өзүнчө эсепти пайдалануу менен жүргүзүлөт: Башка контрагенттерди – ушул БК параметрлеринин 2.2-пунктунда көрсөтүлгөн жактарды кошпогондо, Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун бардык катышуучулары.

2.2. Өзүнчө эсепти колдонбостон эсептешүүлөр жүргүзүлүүчү Башка контрагенттердин тизмеси:

2.2.1.Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

2.2.2. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, унитардык ишканалар;

2.2.3. Мүлктүк кызыкчылыктарды камсыздандыруу кызматын көрсөткөн камсыздандыруучулар;

2.2.4. Материалдарды, сырьену, конструкцияларды, жабдууларды, техникаларды түздөн-түз өндүрүүчүлөр;

2.2.5. Иштерди аткаруу, Коштолуучу контрактты ишке ашыруу үчүн зарыл болгон конструкцияларды, жабдууларды, техникаларды сатып алуу үчүн Өзүнчө эсепке берилген кредиттерди тындыруу учурунда, ошондой эле Коштолуучу контрактты аткаруу максатында берилген банктык кепилдиктердин наркын төлөөдө кредиттик уюмдар;

2.2.6. Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде электр энергиясы жана суу менен камсыздоо үчүн төлөмдөрдү алуучулар;

---

[1] Эскертүү: Олуттуулук лимити Коштолуучу контракттын баасынан/наркынан 5%га чейин (КНСти эске алуу менен), бирок 75 000 сомдон кем эмес жана 3 000 000 сомдон ашык эмес өлчөмдө белгиленет. Өзгөчө учурларда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу боюнча конкреттүү Коштолуучу контракт боюнча олуттуулуктун лимити 5 000 000 сомго чейин көбөйтүлүшү мүмкүн.

2.2.7. Табигый монополиялардын субъекттери;
2.2.8. Мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддор;
2.2.9. Банк;
2.2.10. Менчик укугун тастыктаган документтердин негизинде алардын менчиги болуп саналган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүчүлөр (лизинг берүүчүлөр);
2.2.11. Маалыматтарды, лицензияларды жана мамлекеттик жана муниципалдык реестрлеринин, мамлекеттик алымдарды алуучулардын башка суроо-талаптарын бергендиги үчүн төлөмдөрдү алуучулар;
2.2.12. Талаптары мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын мажбурлап аткаруу жөнүндө берилген документтер менен тастыкталган кредиторлор;
2.2.13. Отун жана башка күйүүчү-майлоочу материалдарды берүүчүлөр;
2.2.14. Коштолуучу контракт жана/же Контракт боюнча милдеттенмелерди аткарууга тартылган жана жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн сый акы алган жеке жактар;
2.2.15. Эмгек келишимдери боюнча өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн сый акы, кызматкерлердин эмгек акы төлөө фондунан төлөмдөр, иш-сапардын жана өкүлчүлүк чыгымдар төлөөмүн алган жеке жактар;
2.2.16. Курулуштун аймагын даярдоого, алар алынганга чейин мындай участоктордун инженердик тармактарын көчүрүү боюнча иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон жер участокторунун менчик ээлери жана (же) укук ээлери;
2.2.17. Субижара (сублизинг) келишиминин негизинде кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктүн суб-ижарачылары (лизинг берүүчүлөр);
2.2.18. Тиешелүү материалдарды, сырьену, конструкцияларды, жабдууларды, техниканы төлөөдө - түздөн-түз даярдоочунун атынан сатуу укугу берилген расмий дистрибьюторлор, дилерлер, соода үйлөрү, логистикалык операторлор жана башка адамдар;
2.2.19. Коштолуучу контракттын/контракттын баасынын/наркынын___% (пайызы) көлөмүндө коштомо чыгымдарына тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды түздөн-түз берүүчүлөр, анын ичинде, бирок чектелбестен:
2.2.19.1. кызматтык жүрүү жана жашоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле кызматтык жол кирени уюштуруу жана кызматкерлердин кызматтык иш сапарларында жашоосу, ошондой эле вахталык метод менен иштерди жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;
2.2.19.2. кызматкерлерди ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;
2.2.19.3. кызматкерлердин тамак-ашын уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;
2.2.19.4. байланыш кызматтары, анын ичинде мобилдик байланыш, мобилдик жана стационардык интернетке кирүү, почта-телеграф кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде кат-кабарларды экспресс-жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;
2.2.19.5. кеңсе техникаларын, кеңсе эмеректерин жана аларга зарыл материалдарды берүү жана тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү;
2.2.19.6. геодезиялык, лабораториялык жабдууларды, инструменталдык контролдоо каражаттарын жана аларга чыгымдалуучу материалдарды берүү, коштоо жана текшерүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;
2.2.19.7. маалыматтык-аналитикалык камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (программалык камсыздоону, маалымат базаларын сатып алуу жана жаңыртуу, сатып алынган программалык камсыздоону техникалык колдоо);
2.2.19.8. Күзөт кызматтары, анын ичинде видеобайкоо жана сигнализация системаларынын атайын жабдууларын жеткирүү жана орнотуу;
2.2.19.9. адистештирилген уюмдардын (лабораториялардын) сапатты контролдоо жана сыноолорду жүргүзүү, экологиялык мониторинг жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрү (иштери);

2.2.19.10. квалификацияны жогорулатуу, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо программалары боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

2.2.19.11. тазалоо (клининг), анын ичинде тиричилик таштандыларын жана карды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрү;

2.2.19.12. эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасын камсыз кылуу, анын ичинде жеке коргонуу каражаттары менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

2.2.19.13. аудиторлордун, нотариустардын кызмат көрсөтүүлөрү;

2.2.19.14. кызматкерлерди медициналык тейлөө, анын ичинде кызматкерлерди психиатриялык күбөлөндүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрү;

2.2.19.15. ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү;

2.2.19.16. Коштолуучу контрактты/Контрактты аткаруу үчүн зарыл болгон канцтоварларды, ичүүчү сууну, чарбалык товарларды, дары-дармектерди, логистикалык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү;

2.2.19.17. БК заказчысы менен макулдашуу боюнча башка жактар.

## 3. Өзүнчө эсепти колдонуу тартиби.

3.1. Өзүнчө эсеп боюнча уруксат берилген операциялардын тизмеги:

3.1.1. Чектөөсүз акча каражаттарын чегерүү;

3.1.2. Акча каражаттарын Өзүнчө эсептерге которуу;

3.1.3. Тиешелүү Коштолуучу контракт/Контракт боюнча келишимдик милдеттенмелердин көлөмү өзгөргөн учурда, жогору турган контрагентке акча каражаттарын которуу (акча каражаттарын кайтаруу).

3.1.4. Өзүнчө эсептеги акча каражаттарын Өзүнчө эсеп болуп эсептелбеген акча каражаттарын алуучулардын банктык эсептерине которуу:

3.1.4.1. Эгерде акча каражаттарын алуучу Башка контрагенттерге (Өзүнчө эсепти колдонбостон эсептешүүлөр жүргүзүлгөн Коштолуучу келишимди ишке ашырууга катышуучулардын тизмесине) таандык болсо;

3.1.4.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда каражаттарды өндүрүп алуучулардын тескемелерине ылайык;

3.1.4.3. Өзүнчө эсепке туура эмес түшкөн акча каражаттарын кайтаруу максатында;

3.1.4.4. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары катталган контрагенттерге;

3.1.4.5. БК заказчысынын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөсү/макулдашуусу боюнча;

3.1.4.6. Банк тарабынан Өзүнчө эсепке берилген кредиттерди кайтаруу боюнча милдеттенмелерди аткаруу (банк талаптарын канааттандыруу), ошондой эле тиешелүү кредиттик макулдашууларда каралган шарттарга ылайык кредиттерди пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды (айыптарсыз, туум жана туумсуз) төлөө максатында Өзүнчө эсептен акча каражаттарын алып салуу;

3.1.5. Өзүнчө эсеп болуп саналбаган Өзүнчө эсептен жеке банк эсептерине которуу:

3.1.5.1. Өзүнчө эсептер болуп саналбаган же Банктын кассасы аркылуу жеке банктык эсептеринен Өзүнчө эсепке келип түшкөн акча каражаттарынын суммасынан ашпаган өлчөмдөгү акча каражаттары;

3.1.5.2. Өзүнчө эсептен Коштолуучу контракт/Контракт түзүлгөн күнгө чейин өз каражаттарынын эсебинен тартылган чыгымдарды кайтаруу (компенсациялоо) максатында Өзүнчө эсеп болуп саналбаган жеке банктык эсептерине акча каражаттарын которуу;

3.1.5.3. Коштолуучу контракт боюнча белгиленген Олуттуулук лимитине барабар, бирок Коштолуучу контракттын баасынын 5% ашпаган, сумманын чегинде накталай эсептешүү менен товарларды сатып алууга байланыштуу, Коштолуучу контракт/Контракт түзүлгөн күнгө чейин өз каражаттарынын эсебинен тартылган,

документ менен тастыкталган, чыгымдарды компенсациялоо максатында, Өзүнчө эсептен жеке банктык эсептерине акча каражаттарын которуу.

3.1.5.4. Коштолуучу контрактты/Коштолуучу контракттын этабын аткаргандан кийин, Коштолуучу контрактта/Контрактта каралган сый акынын (пайданын) суммасында.

3.2. Өзүнчө эсеп боюнча ишке ашырууга жол берилбеген операциялардын тизмеги:

3.2.1. Башка юридикалык жактардын уставдык капиталын түзүү менен байланышкан операциялар;

3.2.2. Кайрымдуулук иштерин жүргүзүү жана кайрымдуулук каражаттарын берүү менен байланышкан операциялар;

3.2.3. Каалуу кагаздарды (анын ичинде векселдерди) сатып алуу;

3.2.4. Баалуу металлдарды, баалуу таштарды жана баалуу металлдардан жасалган монеталарды сатып алуу;

3.2.5. БК параметрлеринде белгиленген учурларды кошпогондо, Өзүнчө эсептер болуп саналбаган банктык эсептерге акча каражаттарын которуу;

3.2.6. Электрондук акчаларды жана виртуалдык санарип активдерди, анын ичинде криптовалюталарды пайдалануу менен операцияларды ишке ашыруу;

3.2.7. Өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү;

3.2.8. Милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуунун кепилдиктерин берүү, анын ичинде Коштолуучу контракт/Контракт боюнча;

3.2.9. Зайымдарды берүү;

3.2.10. Эмгек акыны, кызматкерлердин эмгек акы фондунан башка төлөмдөрдү, иш сапар жана өкүлчүлүк чыгымдарын төлөөнү, жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн жеке жактарга сый акы төлөөнү кошпогондо, жеке жактарга акча каражаттарын которуу (берүү);

3.2.11. Банктык коштоонун ушул параметрлеринин 3.1-пунктунда көрсөтүлгөн, Коштолуучу контрактты жана/же кредиттерди жана алар боюнча пайыздарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык ресурстарды сатып алуу, жумуштарды аткаруу, кызмат көрсөтүү үчүн Өзүнчө эсепке берилген зайымдарды, кредиттерди жана алар боюнча пайыздарды кайтарууну кошпогондо, зайымдардын, кредиттердин жана алар боюнча пайыздардын суммасын кайтарып берүү;

3.2.12. Чет өлкөлүк контрагенттердин дарегине которуу үчүн конвертациялоо менен которууларды кошпогондо, чет өлкө валютасын сатып алуу, эгерде бул түздөн-түз Коштолуучу контрактта каралса жана/же БК заказчысы тарабынан макулдашылса;

3.2.13. Минималдуу азайтылгыс калдык түзүү үчүн депозиттерге акча каражаттарын жайгаштыруу, ошондой эле башка финансылык инструменттер.

## 4. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо предмети

4.1. Өзүнчө эсеп боюнча акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо Банк тарабынан төмөнкү предметте ишке ашырылат:

4.1.1. Аткарылган иштердин, көрсөтүлгөн кызматтардын, сатып алынуучу товарлардын түрүнүн, көлөмүнүн, мазмуну, наркынын, башка чыгымдардын (предмети жана максаттары) Коштолуучу контракттын/Контракттын шарттарына ылайык келүүсү;

4.1.2. Которууга өтүнмөнүн жана Негиздөөчү документтердин Коштолуучу контракттын/Контракттын предметине (максаттарына) жана шарттарына дал келүүсү;

4.1.3. Которууга өтүнмөнүн төлөмдүн багыты Негиздөөчү документтердин мазмунуна жана Банктык коштоонун параметрлерине дал келүүсү.

4.1.4. Аткаруучу/Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучулары берген Которууга өтүнмөдөгү ККИнин бар экендиги жана анын Коштолуучу контрактка ыйгарылган идентификаторго дал келүүсү.

## 5. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контроль жүргүзүүдө БК катышуучусун которууга өтүнмөнү аткаруудан Банктын баш тартуусуна алып келген учурлардын тизмеги

5.1. БК катышуучусу тарабынан Өзүнчө эсептен акча каражаттарын максаттуу чыгымдоо шарттарын сактоосун текшерүүнүн терс натыйжалары болуп төмөнкүлөр саналат:

5.1.1. Которууга өтүнмөнүн банктык коштоонун белгиленген параметрлерине ылайык келбегендиги;

5.1.2. Банкка Негиздөөчү документтерди (анын ичинде кошумча суроо-талабы боюнча) жана Которууга өтүнмөнү бербөө жана (же) толук эмес берүү;

5.1.3. Которууга өтүнмөнүн суммасынын (Өзүнчө эсептен төлөмдүн өлчөмүнүн), анын ичинде Банк тарабынан мурда аткарылган Которуу тескемелерин эске алуу менен Коштолуучу контракттын же эсептешүүлөрдү жүргүзүү пландаштырылган келишимдин суммасынан жана/же аванс төлөөгө же аткарылган (жеткирилген) жумуштардын (товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) эсебинин суммасынан жана/же башка Негиздөөчү документтерден ашып кетиши;

5.1.4. Мындай БК катышуучусу менен эсептешүүлөр Өзүнчө эсепти гана пайдалануу менен жүргүзүлүүгө тийиш болгон учурда, Өзүнчө эсеп болуп эсептелбеген БКнын тиешелүү катышуучусунун эсебинин реквизиттерин Которууга өтүнмөдө көрсөтүү;

5.1.5. Сатып алынган товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн), предметке төлөнүүчү чыгымдардын жана Коштолуучу контракттын максаттарына ылайык келбеши;

5.1.6. Которууга табыштамада Коштолуучу контракттын Идентификаторунун (ККИ) жоктугу же корректүү эмес көрсөтүлгөндүгү.

## 6. Өзүнчө эсептерди жабуу/Өзүнчө эсепти банктык эсеп режимине которуу тартибинин өзгөчөлүктөрү

6.1. Бир учурда төмөнкү шарттарды сактаганда Банк Өзүнчө эсепти жабат же банктык эсеп режимине которот:

6.1.1. Аткаруучу үчүн:

6.1.1. Коштолуучу контракт боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышын тастыктоо;

6.1.2. Коштолуучу контрактты аткаруу максаты үчүн өзүнө тартылган кошо аткаруучулар (контрагенттер) менен бардык эсептешүүлөрдүн аяктагандыгын тийиштүү Негиздөөчү документтерди тиркөө менен тастыктоо;

6.1.3. Банк тарабынан милдеттенмелердин аткарылышы, анын ичинде Коштолуучу контракттын алкагында жүзөгө ашырылуучу эсептешүүлөрдүн аякташы жөнүндө БК Заказчысынан билдирүү алуу.

6.1.2. Коштолуучу контрактты (келишимди) ишке ашырууга катышуучу үчүн:

6.1.2.1. Коштолуучу контракты аткаруу максатында түзүлгөн келишимдер боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышын тастыктоо;

6.1.2.2. Тийиштүү Негиздөөчү документтерди тиркөө менен Коштолуучу контрактты аткаруу максатында түзүлгөн келишимдерди аткаруу үчүн тартылган контрагенттер менен бардык эсептешүүлөрдүн аяктагандыгын тастыктоо.

## III Бөлүм. “Банктык коштоонун интерактивдүү отчеттуулугу” Сервисине кошулуу:

*(Бул бөлүм Коштолуучу контракт боюнча БК заказчысынын жооптуу адамдары бул сервиске кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон учурда толтурулбайт).*

БКнын заказчысы “Банктык коштоонун интерактивдүү отчеттуулук” Сервисине төмөндөгү таблицад көрсөтүлгөн БК заказчысынын төмөнкү кызматкерлерине (колдонуучуларына) кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүнү суранат:

| Аты-жөнү, кызмат орду | Электрондук почта дареги: | Телефон: | Которууга талаш табыштамаларын макулдашуу укугу талап кылынабы: Ооба / Жок |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Эгерде таблицада 10 (он) кызматкерден ашык көрсөтүлсө, таблица өзүнчө тиркеме катары тариздelет.*

**7. Кошумча шарттар: - [______________________].**

**Тиркеме:**

1) Коштолуучу контрактын көчүрмөсү___б.___экз.

**БК заказчысы**

Кызмат орду

_____________________/Аты-жөнү 20___ж. “__ __” _______

М. О.

**Банк тарабынан бекитилгендиги жөнүндө белги***:*

**Бекитилди**

БКга ушул өтүнмө боюнча төмөнкүдөй Коштолуучу контрактка Идентификатор (ККИ) ыйгарылгандыгын маалымдайбыз):______________

“__________Банк” ААК

Кызмат орду “___________Банк” ААК

_____________Аты-жөнү 20__ _ ж. “__ __” _____

---

**ТАРАПТАРДЫН КОЛ ТАМГАЛАРЫ**

**Банк:**

Кызмат орду /Аты-жөнү

М. О.

**БК Заказчысы:**

Кызмат орду / Аты-жөнү

М. О.